**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 6-сессиясы**

**Алга айылы** **Токтом № 21** **16.05.2024-жыл**

**2017-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын ирригациясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын тизмесине кирген “ Кадамжай районунун Бүргөндү массивиндеги жерлерди өздөштүрүү (2-кезек)” объектисинин курулушуна керектүү жер тилкелерин бөлүп берүү, убактылуу пайдаланууга 57,1 га, биротоло 38,2 га жалпы 95,3 га жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтомуна негиз, Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу суу ресурстары кызматы суу чарбасынын объектилерин куруу боюнча дирекциясынын кайрылуу катына негиз, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сунушун угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2017-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын ирригациясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын тизмесине кирген “Кадамжай районунун Бүргөндү массивиндеги жерлерди өздөштүрүү (2-кезек)” объектисинин курулушуна керектүү жер тилкелерин бөлүп берүү боюнча, убактылуу пайдаланууга 57,1 га, биротоло 38,2 га жалпы 95,3 га жер аянтын берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

**Алга айылы** **Токтом № 22** **04.06.2024-жыл**

**Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабындагы CASA-1000 электр мамычаларына 10-15 чакырым аралыкта жайгашкан аймакка 520 (беш жүз жыйырма) га жер аянтына күн панелин орнотуу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169-токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө” убактылуу Жобонун бекитүү тууралуу токтомунун негизинде “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Молдо Нияз айыл аймагында өндүрүштүк муктаждыктарды канаттандыруу максатында “Айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу максатында, ” Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 15-беренесине ылайык, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169-токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө” убактылуу Жобонун бекитүү тууралуу токтомунун негизинде Молдо Нияз айыл аймагындагы “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабындагы CASA-1000 электр мамычаларына 10-15 чакырым аралыкта жайгашкан аймактагы 520 (беш жүз жыйырма) га жер аянтын которууга макулдук берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы № 3 "Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө" Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябры № 571 токтомуна негиз, Жашыл энергетика долбоорун ишке ашыруу максатында 520,0 га жер аянтын 32 жылга чейин ижарага берүүгө макулдук берилсин.

3. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

**ТОКТОМ № 23**

Алга айылы 04.06.2024-жыл

**Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан жалпы 10,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” *(социалдык объект жана өндүрүш тармагы)* категориясына которууга (трансформациялоого) жана аталган жер аянтын муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жер участокторун которуу” (трансформациялоо) жөнүндө 2013-жылдын 15-июлундагы №145-мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169-токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө” убактылуу Жобонун талаптарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13, 17-беренелерине негиз, Социалдык шаар курууга жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү, жарым жетим балдарды, жалгыз бой энелерди турак жай менен камсыз кылууга Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан жалпы 10,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” *(социалдык объект жана өндүрүш тармагы)* категориясына которууга (трансформациялоого) жана аталган жер аянтын муниципалдык менчикке алуу боюнча Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 31.05.2024-жылдагы №01-05/229 чыгышталган сунушун угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Социалдык шаар курууга жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү, жарым жетим балдарды, жалгыз бой энелерди турак жай менен камсыз кылууга Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабынан жалпы 10,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” *(социалдык объект жана өндүрүш тармагы)* категориясына которууга (трансформациялоого) жана аталган жер аянтын муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.
2. Токтомдун мыйзам чегинде аткаруу жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

**ТОКТОМ № 24**

Алга айылы 04.06.2024-жыл

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу эски төрөт үйүнүн жанындагы 0,06 га жер аянтын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине каттоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы № 37 мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 04.06.2024-жылдагы №01-05/120 чыгышталган сунушун жана туруктуу жер комиссиясынын корутундусун угуп, талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Алга айылындагы эски төрөт үйүнүн жанында жайгашкан 0,06 га жер аянтын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине каттоого макулдук берилсин.

2. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

## ТОКТОМ № 25

Алга айылы 04.06.2024-жыл

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Умай Эне айылындагы аты жок көчөлөрүнө аталыш ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу Мамкаттоо кызматында адрестүү каттоонун геомаалыматтык системасын жакшыртуу максатында жана Молдо Нияз айыл өкмөтүнүн жер адиси Т. Эдавлятовдун 04.06.2024-жылдагы сунуш катын угуп жана талкуулап Молдо Нияз айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Умай Эне айылынын күн чыгыш тарабындагы көчөлөр Умай Эне 18, Умай Эне 19, Умай Эне 20, Умай Эне 21, Умай Эне 22, Умай Эне 23, Умай Эне 24 жана Ош Баткен авто жолдун астындагы көчөлөр Умай Эне айылынын түндүк тарабындагы Умай Эне 25, Умай Эне 26, Умай Эне 27, Умай Эне 28, Умай Эне 29, Умай Эне 30, Умай Эне 31, Умай Эне 32 деп аталсын.

2. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

# ТОКТОМ № 26

Алга айылы 04.06.2024-жыл

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштүү суу пайдалануучулар ассоцациясынын ички жана тышкы каналдарын жана арыктарын Кадамжай райондук Суу чарба башкармалыгына өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги № 207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү” жөнүндөгү токтомуна ылайык, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштүү суу пайдалануучулар ассоцациясынын ички жана тышкы каналдарын жана арыктарын Кадамжай райондук Суу чарба башкармалыгына өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндөгү Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 04.06.2024-жылдагы №01-05/239 чыгышталган сунушун жана туруктуу жер комиссиясынын корутундусун угуп, талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги № 207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү” жөнүндөгү токтомуна ылайык, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштүү суу пайдалануучулар ассоцациясынын ички жана тышкы каналдарын жана арыктарын Кадамжай райондук Суу чарба башкармалыгына өткөрүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

**Алга айылы** **Токтом № 27** **04.06.2024-жыл**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабына социалдык объект курууга 68,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө.**

Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабына социалдык объект курууга 68,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык Кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнө караштуу Кыргыз-Кыштак айылынын түштүк тарабына социалдык объект курууга 68,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери“ (социалдык объект) категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго тапшырылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

**ТОКТОМ № 28**

Алга айылы 04.06.2024-жыл

**Оор операция кылдырууга муктаж жарандарга, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн резервдик фонду эсебинен 100 000 (жүз мин) сом акчалай көмөк көрсөтүү жөнүндө**

Молдо Нияз айыл аймагына караштуу Кыргыз Кыштак айылындагы аз камсыз болгон, чет элде оор операция кылдырууга муктаж жарандар үчүн Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн резервдик фонду эсебинен 100 000 (жүз мин) сом акчалай көмөк көрсөтүү боюнча маселени угуп жана талкуулап Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык Кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Молдо Нияз айыл аймагына караштуу Кыргыз Кыштак айылындагы аз камсыз болгон, чет элде оор операция кылдырууга муктаж жарандар үчүн Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн резервдик фонду эсебинен 100 000 (жүз мин) сом акчалай көмөк көрсөтүлсүн.

2. Токтомдун мыйзам чегинде аткаруу жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин Экономика, бюджет, инвестиция ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага: К.П. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

## ТОКТОМ № 29

Алга айылы 04.06.2024-жыл

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Алга айылындагы асылдуулугу төмөн 200,0 га жер аянтын, анын ичинен 70%ын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн эсебинде болуу шарты менен Кадамжай райондук Суу чарба башкармалыгына өздөштүрүү үчүн макулдук берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 17-июнундагы № 306 токтому менен бекитилген “Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө берүүнүн тартиби” жөнүндөгү жобого ылайык, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Алга айылындагы асылдуулугу төмөн 200,0 га жер аянтын, анын ичинен 70% Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн эсебинде болуу шарты менен Кадамжай райондук Суу чарба башкармалыгына өздөштүрүү үчүн макулдук берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Алга айылындагы асылдуулугу төмөн 200,0 га жер аянтын, анын ичинен 70%ын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн эсебинде болуу шарты менен Кадамжай райондук Суу чарба башкармалыгына өздөштүрүү үчүн макулдук берилсин.

2. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын
кезексиз 7-сессиясы**

**ТОКТОМ № 30**

Алга айылы 04.06.2024-жыл

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Алга айылынын Ош-Исфана авто жолунун Түндүк-түштүк тарабынан 1,5 га жер аянтын коммерциялык багытта аукцион өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-декабрындагы № 722 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтомуна негиз, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Алга айылынын Ош-Исфана авто жолунун түндүк-түштүк тарабынан 1,5 га жер аянтын коммерциялык багытта аукцион өткөрүүгө макулдук берүү боюнча маселени угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Алга айылынын Ош-Исфана авто жолунун түндүк-түштүк тарабынан 1,5 га жер аянтын коммерциялык багытта аукцион өткөрүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышы Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х. Досановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>МОЛДО НИЯЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ МОЛДО НИЯЗ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы**

**Алга айылы** **Токтом № 31** **04.06.2024-жыл.**

**Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Чукур-Кыштак жана Горький орто мектептеринде жайгашкан кичи футбол аянтчалары жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругу менен бекитилген Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндөгү типтүү жобого ылайык, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Чукур-Кыштак жана М.Горький орто мектептеринде жайгашкан кичи футбол аянтчаларын түз келишим менен ижарага берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап, Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругу менен бекитилген Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндөгү типтүү жобого ылайык, Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Чукур-Кыштак жана М.Горький орто мектептеринде жайгашкан кичи футбол аянтчаларын түз келишим менен ижарага берүүгө макулдук берилсин.
2. Ижарага берилген Чукур-Кыштак жана М.Горький орто мектептеринде жайгашкан футбол аянтчасына айына Молдо Нияз айыл өкмөтүнүн эсебинен бир ай үчүн 1000 (бир миң) сомдон ижара акы төлөнүүсү белгиленсин.
3. Токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын Молдо Нияз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Х.Досановго тапшырылсын.
4. Ушул токтомдун көзөмөлдөө жагы Молдо Нияз айыл аймагынын айылдык кеңешнин жерге жайгаштыруу, муниципалдык мүлк жана айыл чарбасын өнүктүрүү, архитектура-курулуш, транспорт жана экология, тоо кен байлыктары боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.П. Машрапов**